**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**НАРЫН ОБЛУСУ**
**АК -ТАЛАА РАЙОНУ**
**БАЕТОВ**
**АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**
**АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**НАРЫНСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**АК-ТАЛИНСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ**
**БАЕТОВСКОГО**
**АЙЫЛЬНОГО АЙМАКА**

---

**Баетов айылдык кенешинин VII- чакырылыштагы депутаттарынын кезектүү II-сессиясынын**

**ТОКТОМУ №2-6**

**12-июль, 2023-жыл** **Баетов айылы**

**Баетов айыл аймагындагы орто мектептерде окуп жаткан 11-классынын окуучуларынын Жалпы Республикалык тестирлөөдөн жогорку балл алган мыкты окуучуну аныктоо боюнча конкурстун тартиби жөнүндө ЖОБОну бекитүү жөнүндө**

Баетов айыл аймагындагы орто мектептерде окуп жаткан 11-классынын окуучуларынын Жалпы Республикалык тестирлөөдөн жогорку балл алган мыкты окуучуну аныктоо боюнча конкурстун тартиби жөнүндө ЖОБОну бекитүү жөнүндөгү күн тартибиндеги маселени угуп жана талкуулап, депутаттардын Баетов айылдык кеңешинин II-сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Баетов айыл аймагындагы орто мектептерде окуп жаткан 11-классынын окуучуларынын Жалпы Республикалык тестирлөөдөн жогорку балл алган мыкты окуучуну аныктоо боюнча конкурстун тартиби жөнүндө ЖОБО тиркемеге ылайык бекитилсин. Тиркеме тиркелет 1 баракта

2. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жаштар спорт маданият жана социалдык маселелер боюнча туруктуу комиссияга тапшырылсын.

**Баетов айыл аймагынын**
**айылдык кеңешинин депутаттарынын төрагасы:** **Ч. Азимжанов**

VII – чакырылыштагы депутаттардын
Баетов айыл аймагынын айылдык
кеңешинин 2023-жылдын 12-июль
№ 2-6 токтомуна тиркеме

**Баетов айыл аймагындагы орто мектептерде окуп жаткан 11-классынын окуучуларынын Жалпы Республикалык тестирлөөдөн жогорку балл алган мыкты окуучуну аныктоо боюнча конкурстун тартиби.**

## 1. МАКСАТЫ.

1.1. Айыл аймактагы мектептердеги окуучулардын билим сапатын жогорулатуу.

1.2. Билим берүү боюнча жыл жыйынтыгын жакшы денгээлде жыйынтыктоо.

1.3. Окуучуларыбызды патриоттулуукка үндөп,ынтымака чакыруу.

1.4. Айыл аймактагы мектептер арасында жалпы республикалык тестирлөө боюнча күчтүү мектепти аныктоо.

## 2.КОНКУРСТУ ӨТКӨРҮҮ ОРДУ, УБАКТЫСЫ.

2.1. Жалпы Республикалык тестирлөөдөн жогорку балл алган мыкты окуучуну аныктоо боюнча конкурстун (мындан ары - конкурс) жыйынтыгы жыл сайын июнь (кошумча так күнү белгиленет) айында чыгарылат.

## 3. КОНКУРСТУ ӨТКӨРҮҮНҮН ШАРТТАРЫ, КАТЫШУУЧУЛАР.

3.1. Аталган конкурска Баетов айыл аймагына тиешелуу орто мектептердин 11-классты бүтүп жаткан окуучулары гана катыша алышат.

3.2. Райондогу жалпы 18 орто мектептердин окуучуларынын арасынан Баетов айыл аймагынын Ш. Бейшеналиев, Э. Карасартов, Б. Мүсүралиева, К.Молдобасанов, М.Баетов, Т.Оторов атындагы орто мектептеринин эң жогорку балл алган бир гана окуучунун мектебине сыйлык ыйгарылат.

3.3. Конкурстун жүрүшүндө, эгерде окуучулардын ЖРТдагы негизги тести бирдей болгон учурда тандаган кошумча предметтик тесттеринин арасынан максималдуу балл алганы кошулуп жыйынтыгы чыгарылат.

3.4. Жогорку балл алган окуучу акыркы чейректе айыл аймактагы мектепте окушу шарт, мурдагы жылдарда бүткөн окуучулар конкурска катышууга укугу жок.

## 4. КОНКУРСТУ УЮШТУРУУ ЖАНА ЖЕТЕКТӨӨ.

4.1. Конкурсту уюштуруу жана жетектөө жагы Баетов айыл аймагынын айыл өкмүтүнүн алдында түзүлгөн атайын конкурстук комиссияга милдеттендирилет.

4.2. Жалпы Республикалык тестирлөөнүн жыйынтыгы боюнча расмий маалыматты конкурстук комиссияга даярдап берүү Ак-Талаа райондук билим берүү бөлүмүнө жана Баетов айыл аймагындагы орто мектептердин жетекчилерине милдеттендирилет.

4.3. Конкурска катышкан 11-класстарынын окуучуларынын арасындагы жеңүүчүнү табуу, расмий жыйынтыгын чыгаруу айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн алдында түзүлгөн атайын комиссияга тапшырылат (комиссиянын курамы кошумча бекитилет).

## 5. КОНКУРСТУН ЖЕҢҮҮЧҮЛӨРҮН СЫЙЛОО ЖАНА КАРЖЫЛОО.

5.1. Конкурстун жеңүүчүсүн сыйлоо Баетов айыл аймагынын айыл өкмөтү тарабынан каржыланат.

5.2. Конкурстун жыйынтыгы менен жеңүүчү болгон мектеп 100 000 (бир жүз миң) сом менен сыйланат.